# Данектин окуясы



Автор: Заря Мамбетова

Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

# Данектин окуясы

Автор: Заря Мамбетова
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

Кыргыз тилинде
Бишкек -2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Данектин окуясы" (кыргыз тилинде), автор Заря Мамбетова,
сүрөтчү Ильяз Абдыжапаров.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Биздин бакта бир чоң өрүк бар. Ал жыл сайын мол түшүм берет. Бул өрүктү чоң атам өстүргөн. Чоң атам багбанчылыктын сырын абдан жакшы билген адам.



Күзгө маал өрүк бышып, мөмөлөр жерге түшүп жатты. Мөмөнүн ичинде данек бар экенин баарыбыз билебиз. Жерге түшкөн данектер эмне болот? - деген ой ар бирибизде пайда болушу мүмкүн. Анда эмесе, бир данектин окуясын карап көрөлү.



Чөптүн арасында жаткан өрүктү кумурскалар жеп койду. Анын данеги эле калды. Данек нымдуу жерде бир топко чейин жатты. Ал бара-бара жердин нымын өзүнө сиңирип ала баштады.

Данектин сырткы катуу кабыгынан өткөн нымдуулуктан ички даны көөп, чоңоё баштады. Акыры ал дан сырткы катуу кабыкты жарып чыкты.



Ошентип, ичке сабакчадан жашыл жалбыракчалар пайда болуп, жер үстүнө көтөрүлдү. Күн нуруна essential кактанып, кубат алып, өсө берди. Тамыры жер астына кирип, азыктана баштады. Бул кубулуш данек үчүн чоң жеңиш эле.




Ошентип, кичинекей өсүмдүк күн сайын өсүп, чоңоюп жатты. Күндөр өттү, айлар өттү, арадан бир нече жылдар өттү. Данек өсүп көчөткө, андан чоң өрүк дарагына айланды.

Мезгили жетип, эрте жазда жаш өрүк багы апакай гүлдөрүн жайнатып гүлдөдү. Өтүп бара жаткандар ага суктанып карашат. Көпкө чейин ал ошол сулуулугу менен айлананы коооздоп турду.




Бир нече күндөн кийин апакай гүлдөр күбүлүп түшүп, ордуна кичинекей жашыл тоголокчолор пайда болду. Ал өрүктүн мөмөсү болчу.

Күзгө маал мөмөлөр сары кызыл түскө өттү. Алар бышып жетилгенде абдан таттуу болот.



Биз кошуна балдарды түшүм жыйноого жардамга чакырдык. Балдар келишип жардам беришти, өрүк жеп жыргашты.

– Келгиле балдар, өрүк жөнүндө ким эмне билет? – деп сурады Максат.



Аңгыча Айбек ортого чыгып, Г. Чичинадзенин “Данек” деген ырын уккулуктуу үн менен айтып берди:



**Данек**

Кичинекей данекти
Ким дүйнөгө жаратты?
– Бак.
Бак бутагын силкинтип,
Ким туш-тушка таратты?
– Жел.
Ал данекти алыска,
Ким агызып баратты?
– Суу.
Данек ачка болгондо,
Ким берди ага азыкты?
– Жер.
Ал данекти кайрадан
Ким даракка айлантты?
– Күн.

Балдар кол чабышып: – Азаматсың, Айбек! – дешти.



– Чын элеби? Бул өрүк дарагы данектен өсүп чыкканбы? Кандайча? – деп балдар суроолорду жаадырышты.

– Ооба. Өнүп келе жаткан данекти ким көргөн? – деди Максат.

– Мен көргөм, – деп Диана чуркап барып, өнө баштаган данекти алып келди.

– Мен муну бактын арасынан алып келдим. Жерден өсүп чыгып келе жатыптыр, топурагы менен казып алдым, карагылачы, – деди Диана.

– Тамырлары жипке окшоп байкалып турат. Келгиле, муну кайра жерге отургузуп коёлу, өсө берсин, – дешти балдар.



– Бул ырда бардыгы айтылыптыр. Данектин дарактан жаралганы, шамалга күбүлүп жерге түшүп, суу менен агып, ар каякка тараганы, жерден азыктанып өсүп чыкканы, күнгө кактанып, андан кубат алып өсүп чоңойгону таптак айтылыптыр.



Кичинекей эле данектен чоң өрүк дарагы өсүп чыгат турбайбы! Ал дарак гүлдөйт, мөмө байлайт, ал эми мөмөнүн ичинде данек бар. Данек кайрадан жерге түшөт. Мына ошентип, данектин жашоосу улана берет экен да! – деп балдар, кыздар таң калышты.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Заря Мамбетова
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли